**2013-жылдын 23-апрелиндеги № 56 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

# “Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

2013-жылдын 14-мартында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** “Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., № 1, 1-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** Мыйзамдын преамбуласы күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Мыйзамдын бүткүл тексти боюнча ар түрдүү жөндөмө жана сандык формалардагы “майып” деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү жана сандардагы “ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адам” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3.** Мыйзамдын бүткүл тексти боюнча ар түрдүү жөндөмө формалардагы “кары-картаңдар”, “карыган адамдар”, “улгайган курактагы жарандар” деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү “улгайган жарандар” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**4.** 1-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“1-статья. Ушул Мыйзамды жөнгө салуу предмети

Ушул Мыйзам калкты социалдык жактан тейлөө тармагындагы укуктук жөнгө салуунун негиздерин аныктайт.

Социалдык жактан тейлөө жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган жарандарга социалдык-укуктук кызматтарды көрсөтүү жана материалдык жактан жардам берүү, социалдык адаптациялоо жана реабилитациялоо боюнча социалдык кызматтардын ишин билдирет.”.

**5.** 3-статьянын он үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын.

**6.** 4-статьянын он бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“-ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдары бар үй-бүлөлөр;”.

**7.** 6-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“6-статья. Социалдык жактан тейлөөнүн стандарттары

Калкты социалдык жактан тейлөө социалдык кызматтардын көлөмүнө жана сапатына, аларды көрсөтүүнүн тартибине жана шарттарына талаптарды белгилөөчү ченемдик укуктук актыларга ылайык жүзөгө ашырылат.

Социалдык жактан тейлөө маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан бекитилет.”.

**8.** 7-статьянын 2-бөлүгүнүн “а” пунктунун үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“-ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн жатак-үйлөр;”.

**9.** 9-статьянын 2-бөлүгүндөгү “, болбосо башка уюштуруу документтеринде” деген сөздөр алып салынсын.

**10.** 11-статьянын 2-бөлүгүндөгү “Өкмөтүнүн сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши” деген сөздөр “Өкмөтү” деген сөзгө алмаштырылсын.

**11.** 13-статьянын 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеги жана тейлөөнүн ченемдери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.”.

**12.** 14-статьянын 4-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Тейлөө уюмдарында жарандардын күндүз болушун уюштуруу жөнүндө типтүү жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.”.

**13.** 16-статьянын 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган жарандарга материалдык жардам берүүнүн тартиби жана өлчөмдөрү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.”.

**14.** 18-статьяда:

1-бөлүгүндөгү “Майыптарга жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга” деген сөздөр “Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга” деген сөздөргө алмаштырылсын;

2-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын.

**15.** 19-статьянын 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Социалдык патронаж көрсөтүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.”.

**16.** 20-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“20-статья. Кайрымдуулук ишканаларындагы жана мекемелериндеги (хоспистердеги) социалдык кызматтар

Кайрымдуулук ишканалары жана мекемелери (хоспистер) тарабынан көрсөтүлүүчү социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.”.

**17.** 22-статьяда:

1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөп берүү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.”;

3-бөлүгүндөгү “айыл өкмөтү” деген сөздөр “айыл өкмөтү” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**18.** 23-статьянын 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Турак жай субсидияларынын өлчөмдөрү жана аларды берүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.”.

**19.** 26-статьяда:

статьянын бүткүл тексти боюнча “керектөөнүн кепилдикке алынып белгиленген минималдуу деңгээлинен”, “минималдуу керектөө бюджетинин” деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша “кепилденген минималдуу кирешеден” жана “жашоо минимумунун” деген сөздөргө алмаштырылсын;

2-бөлүгүнүн төртүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

4-бөлүгүндөгү “Мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары” деген сөздөр “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” деген сөздөргө алмаштырылсын;

7-бөлүгүндөгү “ушул мыйзамдарда” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**20.** 29-статьяда:

аталышындагы жана 1-бөлүгүндөгү “кепилдиктер менен жеңилдиктер” деген сөздөр “социалдык кепилдиктер” деген сөздөргө алмаштырылсын;

2-бөлүгүндөгү “жеңилдиктерден” деген сөз “социалдык кепилдиктерден” деген сөздөргө алмаштырылсын;

3-бөлүгүндөгү “жеңилдиктер” деген сөз “социалдык кепилдиктер” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**